УДК: 373

Курманалиева Ч.А., Шамыркулова В.Т.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# С.К. РЫСБАЕВДИН «АЛИППЕ КОМПЛЕКСИНИН» ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА АНЫ ОКУТУУ

*Аталган макалада "Алиппе" окуу китебинин буга чейинки чыккан китептеринин өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолуп, анын комплекстүү түрдө иштелип чыккандыгы баса белгиленген. Ошондой эле, "Алиппе" окуу китеби бир нече жандооч китепчелеринен жана дидактикалык материалдардан тургандыгы окуу китебинин жакшы жагы катары бааланып, бүгүнкү күндүн талабына жооп бергендиги жөнүндө айтылган.*

С.К. Рысбаевдин алиппесинин башка алиппелерден болгон эң негизги өзгөчөлүгү анын комплекстүүлүгүндө. Б.а., бүгүнкү күнгө чейин окутулуп келе жаткан бул китеп «комплекс» түрүндө берилген.

Комплекс «Алиппе» окуу китебинен, жандооч китепчелерден жана дидактикалык материалдардын тутумунан турат.

Алар: 1. «Алиппе» окуу китеби.

2. Жазуу дептери.

3. Боёмо тамгалар.

4. Кесме тамгалар.

5. Шайыр тамгалар.

6. Окуу программасы жана календарлык планы.

Комплекстин тутумундагы ар бир жандооч китепчелердин жана дидактикалык материалдардын өз милдети жана сабактагы орду бар.

Атап айтканда, «Алиппе-дептери» окуу китептин биринчи жандоочу. Ал эки бөлүмдөн турат. Биринчиси жазууга даярдоо бөлүмү болуп саналат да, колду тамганын элементтерине жараша көнүктүрүү эрежелерин камтыйт. Андан тике, илмек жана жумуру сызыктарды жазууга көнүктүрүү иштери, ошондой эле чоң, кичине тамгалардын мейкиндиктеги элесин элестеткен графикалык символикалар орун алган. Алар дагы жөнөкөйдөн татаалды көздөй кеткен, логикалык бүтүндүктү түзүп турат.

Ал эми экинчи бөлүгү кыргыз алфавитиндеги тамгаларды «Алиппеден» жайгашкан тибине жараша жазууга үйрөтүү милдетин аткарат.

Демек, «Алиппеден» кайсыл тамга менен окуучулар таанышса, китептен көрүп, таанып-билген тамганы эми ошол эле учурда дептерге жазууга киришишет.

Берилген сөздөр жана сүйлөмдөр «Алиппеден» окуп-үйрөнгөн гана минимумдун чегинде берилген.

Комплекстеги экинчи жандооч катары эсептелинген окуу куралы - бул боёмо тамгалар болору талашсыз. Ал - кыргыз башталгыч класстарында баланын сабатын ачуу, аны өз алдынча бекемдөө максатындагы алгачкы жаралган аракеттердин бири. Андыктан аны мугалим чыгармачылык менен пайдаланышы керек.

Ал эми «Шайыр тамгаларда» өзүнүн аты айтып тургандай, тамгаларга жана тыбыштарга жараша оюн түрүндөгү ырлар, юморлор, табышмак-жаңылмачтар жана макал-лакаптар топтоштурулган. Ал балдардын окуп, тил жатыктыруусун, жаттап эсте тутуусун бекемдөөгө, ой жүгүртүп, акыл эс иш аракеттерин жүргүзүүсүнө кызмат кылмакчы.

Андагы материалдарды мугалим окуучунун өз алдынча билимин бышыктоодо, «Алиппе» майрамын, оюн-зоок кечелерин, мелдеш-таймаш сабактарын жана класстык сааттарын өткөрүүдө да колдоно алат.

Комплекстин дагы бир бөлүгү - кесме тамгалар.

Кесме тамгалар деп, - дубалга илип алууга ылайыкташкан, эң зарыл милдетти аткаруучу окуу куралын айтабыз. Мугалим кесме тамгалардан түзүлгөн сөздөрдү окутуу аркылуу төмөндөгүдөй үч максатка жетише алат:

1) сөздөрдү талдоо аркылуу сөздүн муундук жана тыбыштык составын аныктатуу;
2) сөздөрдү муун боюнча туташ окуунун ыкмасына үйрөтүү;
3) Китепти туура жана шар окуу процессин тездетүү.

Демек, аталган бул жандооч окуу куралдары ар бир сабакта биринчисиндеги

материалдардын мазмунун экинчиси толуктап, байытып, ар тарабынан кеңейтип, окуучунун таанып билүү жана практикалык иш аракетин ар тараптан комплекстүү жүргүзүүсүнө шарт түзөт.

Эми «Алиппе» окуу китебинин өзү жөнүндө сөз кыла турган болсок, китеп төмөндөгүдөй 5 бөлүмдөн турат:

1-бөлүк. Көрөбүз, угабыз, сүйлөшөбүз.

2-бөлүк. Көрөбүз, угабыз, сүйлөшөбүз. Окуйбуз жана жазабыз.

3-бөлүк. Окуйбуз, айтабыз, жазабыз.

4-бөлүк. Окуу жана сөз өстүрүү.

5-бөлүк. Класстан тышкаркы окуу.

1-класста алиппени окутуу сабат ачуу жана кеп ишкердүүлүгүн өстүрүү деп аталып, үч этапта жүргүзүлөт, алар: алиппеге чейинки, алиппе мезгилин жана алиппеден кийинки мезгилди өз кучагына алат.

Окуучулардын сабатын ачууда жана кеп ишкердүүлүгүн өстүрүүдө жумасына - 7, анын ичинде сабат ачууга- 3, жазууга - 3, окууга - 1 саат бөлүнөт. Ал эми жыл бою - 245 саат өтүлөт.

Алиппеге чейинки мезгилде негизги көңүл балдардын оозеки кебин өстүрүүгө арналып, бүтүндөй иш аракеттер оозеки түрдө жүргүзүлөт. Буюмдун атын айтып, же айтылганды туура угуп, аны туура кайталап айтуу менен, көрө билүүгө, уга билүүгө, туура айта билүүгө көнүктүрүлөт. Андыктан, максатка ылайык бул этап: КӨРӨБҮЗ, УГАБЫЗ, АЙТАБЫЗ, деген аталыш менен ачылат.

Мындай аталыш буюмдардын, нерселердин сүрөтүн көрүп, атын атоо же мугалимдин айтканын угуп, кайталап туура айта билүү ишмердүүлүктөрүн өзүнө камтыйт. Демек, мындагы бардык иш аракеттер баланын чөйрөнү таанып билүү ишкердүүлүктөрүн өстүрүү максатын алдыга коёт.

Балдардын кебинин өсүшүнө туура багыт берүүдө мугалим төмөндөгүлөрдү өтө кылдаттык менен чече алуусу маанилүү жана бул иш баланын фонематикалык жөндөмүн (тыбышты туура уга жана айта билүүсүн) аныктоо деп аталат:

- айткан сөздү, тыбышты туура, так уга билип, туура кайталап айтуусун текшерүү;
- сөздү муунга туура бөлүп айта алуусун байкоо ( Ки-теп );
- сөздүн кандай тыбыштардан турарын билүүсүн бир сөздүн мисалында текшерүү;
- окшош тыбыштарды бири-биринен айырмалап айта билүүсүн аныктоо ( з-с, д-т, б-п, г-к);
- тыбыштардын сөз ичиндеги орун тартибин бир сөздүн мисалында түшүндүрүү ( м-е-к-т-е-п);

Эгер мындай иштерде балдардын фонематикалык жөндөмүн так аныктай албаса, же болбосо балдардын мындай жөндөмү өз деңгээлинде өнүгүп жетилбеген болсо, алар менен жекече иштерди аткаруу зарылдыгы келип чыгат.

Ал эми бул иштер да өз убагында аткарылбаса, анда тамганын мейкиндиктеги элесин, тыбыштардын графикалык символикасын же тамгалардын элементтеринин башка предметтер менен образдуу байланышын тандай билүү да зарыл иштерден болуп каралат.

Мисалы, Т тамгасы тырмоокко, Н тамгасы шатынын тепкичине, С тамгасы орокко ж.б. окшоштук жактарын сөз менен, ыр менен айтып жатыктыруу да пайдалуу. Бул учурда мугалим «Шайыр тамгалар» китепчесиндеги тексттерди пайдалана алат. Ошондой эле мугалим балдарды, фонематикалык тыңдоосуна жана сөздү, ырды жаттап, эсте тутуусуна жараша тайпаларга бөлүп, өздөштүрүү деңгээлдерин эске алуу менен иш жүргүзүүсү ийгиликтин ачкычы болуп эсептелинет.

Жыйынтыктап айтканда, алиппеге чейинки мезгилде аткаруучу мугалимдин негизги милдети төмөндөгүчө:

I. 1.Окуу иштерине байланыштуу: балдардын даярдыгынын түрдүү деңгээлине жараша алардын жалпы жана речтик жактан өнүгүүсүнө, о.э. окуу ишмердигине көнүгүү, машыгуу абалына карата изилдеп үйрөнүү.

2. Окууга болгон кызыгуусунун өнүгүү абалын билүү.

3. Фонематикалык тыңдоосуна так жетилүүсүн байкоо.

4. Кебинин байлыгын, тактыгын, тазалыгын талдоо.

5. Оюн түшүндүрүп айтып, көргөнүн, укканын, сүйлөп берүү абалын аныктоо.

6. Көрүп, угуп, эсте тутуусун талдоо.

7. Жазууга киришүү иретинде колунун жазуу ишмердүүлүгүнө даярдыгынын абалын текшерүү.

Мугалим булардан тышкары, балдардын социалдык абалына да көңүл буруусу керек:

II. 1. Баланын үй-бүлөсүнө, анын социалдык абалына.

2. Ата-эне кесибине, адамдык аброюна.
3. Баланын үйдө алган тарбиясына.
4. Үйүнүн дарегине, жашаган аймагына, баланын мектепке келүү, кетүү жолуна.
5. Ден-соолугунун абалына.
6. Үй-бүлөсүнүн курамына көңүл коюуга.
7. Булардын баардыгын баланын өзүнүн билер-билбесине.

Ошентип, алиппеге чейинки мезгил каралып бүткөн соң, алиппе мезгилине жол ачылат. Бул мезгил окуу, тaануу, жазуу ишмердүүлүктөрдү өстүрүүчү жана калыптандыруучу жумуштарын жүргүзүүчү этап. Мында буга чейинки жүргүзүлүп келген бүткүл иш аракеттер өркүндөтүлөт жана ага окуу, жазуу иш аракеттери кошулат.

Ошого ылайык бул этап максаттуу түрдө: КӨРӨБҮЗ, УГАБЫЗ, АЙТАБЫЗ, ОКУЙБУЗ ЖАНА ЖАЗАБЫЗ деген атоо менен ачылат жана ага ылайык комплекстүү таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнө калыптандыруу башталат.

Алиппе мезгили негизинен 4 блокко бөлүнүүнүн натыйжасында ишке ашырылат. Алар:

1. *Багыт берүүчү блок. Ал мындайча түзүлгөн.*

-Тамгага жараша берилген предметтик сүрөт, бул багыт берүүчү функцияны аткарат. Окуучу мугалимдин жетеги аркылуу маалыматты угуп кабыл алат да, аны уккандай предметтештирет, т.а., бала көрө билүүгө калыптанат. Мындай иштерди жүргүзүүдө боёмо тамгалар менен иш алып баруу мугалимге жакшы натыйжаларды берет. Ошол көрө билүү менен бала уккан маалыматын предметтештирүү менен өз оюн бекемдейт жана андан ары жарым-жартылай изденүү аркылуу таанып-билүүгө жол ачат. Таанып-билүү болсо, билим алуунун алгачкы этабы.

2. *Активдештирүүчү блок.* Бул мына буларды камтыйт (предметтик сүрөт кырдаалдык сүрөт менен коштолот):

- үйрөнгөн тамганын каллиграфиясын өздөштүрөт;
- жаңы тыбыштын артикуляциялык табиятына жараша айтып, тил жатыктырылат;
- тыбыштык талдоо-жыйноо методу боюнча окуп, машыгууга жетишилет.

3. *Өнүктүрүүчүлүк блок*. Мында текстти окуу жана анын мазмунун түшүнүү, өз сөзү менен айтып берүү коштолот:

- негизги текстти окуу көңүлдүн борборунда болот. Ал тексттер төмөндөгү функцияны аткарат, т.а. текст:

1. Маалыматтын булагы.
2. Машыгуунун негизги түрү.
3. Изилдеп үйрөнүүнүн объектиси.
4. Билим алуунун каражаты.
5. Кеп продуктысы.

Демек, текст окуп-үйрөнүүнүн да, тарбия берүүнүн да, өстүрүүнүн да негизги каражаты катары кызмат аткарат.

Активдештирүүчү жана өнүктүрүүчү этап бири-бирин коштойт да, баланы өстүрүүчү негизги милдетти аркалайт. Демек бул этаптын түзүлүшүн төмөндөгүчө элестетсек болот:

Билим берүү + тарбиялоо + аналитикалык жана активдештирүүчү функция = өсүү.

4. *Жыйынтыктоочу блок.* Бул блокто окуу материалдарынын эмоциялык-ахлактык же адептик-психологиялык аспектиси каралат жана «Аталардын сөзү» деп аталган накыл кептерди окуп-түшүнүү иштин өзөгүн түзөт. Башкача айтканда, алар негизги теманы коштоп, берилген идеяны жыйынтыктайт.

Мына ушундай блоктордун ишке ашышынын негизин эмне түзүп турат? Албетте талдоо-жыйноо методу.

Даяр сөздүн составындагы тамгалардан жаңы башка сөздү таап түзүү да жакшы натыйжа берет. Ал жагы балдардын чыгармачылыгын, байкагычтыгын, сөздүн ичиндеги тамга, тыбыштарды тандай билүү жөндөмдүүлүгүн арттырмакчы.

Кийинки иштин максаты албетте, окуу ишмердүүлүгү жана кеп өстүрүү болуп саналат.

Кеп өстүрүү 1-класстан баштап эле бардык предметтердин негзги милдеттеринен экендиги шексиз. Болгон айырмачылыгы- окуу материалдарынын тематикалары жана мазмуну гана ар кыл. Ошентсе да эне тили предметинин кеп өстүрүүдөгү милдети өзгөчө экендиги белгилүү. Анткени, ал баланын эне тилиндеги сабатын ачуу ишинен тартып, кебин өстүрүү, кеп ишкердүүлүгүн калыптандыруу жана андан ары кеп маданиятын түптөө иштери менен тыгыз байланыштуу.

Муундап окууну уюштурууда комплекстин «Кесме тамгалары» менен иш алып баруу

жакшы жыйынтыктарды берери талашсыз.

Кесме тамгалар мугалимде да о.э., окуучулардын өздөрүндө да болуусу керек жана алар бир нече этап менен ишке ашарын практика көрсөтүүдө, т.а.:

1. Бир үндүү тыбыштан турган ачык муундарды окуу: а, о, у, ы.
2. Үндүү-үнсүздөн түзүлгөн жабык муундарды окуу: ат, от, ут, эт.
3. Үнсүз-үндүүдөн турган ачык муундарды окуу: та, то, ту, тэ.
4. Үнсүз-үндүү-үнсүздөн түзүлгөн үч тамгалуу туюк муундарды окуу: тат, бат, сат, кат, тап, нан, топ ж.б.

Бул сыяктуу муундар өз алдынча «жашабастыгын», алар сөз ичинде «жашай» турганын, б.а., түрдүү муундар биригип, сөздү түзө турганын балдарга түшүндүрүү керек.

Демек, сөз муундардан түзүлөрүн балдар тыбыштык-муундук анализден улам байкайт да, окууга да ошол жол менен үйрөнүп машыгат.

Алиппе мезгили бүткөндөн кийин, окуу жана сөз өстүрүү жумуштары башталат. Бул кезде окуучулар сөздү, сүйлөмдөрдү, тексттерди туура, муундап, ал эми айрымдары шар окууга жетишип калган болот. Бирок, бардык эле окуучулар буга жетише албайт. Деңгээли түрдүү окуу аракеттерин тандасак төмөндөгүдөй болуп чыгат:

- айрым окуучулар сөздөр менен сүйлөмдөрдү шар окуганга жарап калат,
- айрым тобу текстти окуп калат,
- айрым окуучулар сүйлөмдөрдү муундап окуганга зорго жетишишет,
- айрымдары сөздөрдү бүтүн окуганга гана үлгүрүшөт.

Демек, мындай кырдаалда мугалим (жалпы) окуучуларды майда-майда тайпаларга бөлүп иштөөгө аргасыз болот.

Көрүнүп тургандай, «Алиппедеги» окуу жана сөз өстүрүү бөлүмү ич ара бир нече бөлүкчөлөрдөн турат. Анда, Бабаларыбыздын жомогу болгон «Манас» эпосунан үзүндүлөр, «Ата мекен-алтын уя» деген темадагы жомок, аңгемелер, «Келгиле жомок окуйлу» деген рубрикада элдик жомоктор, «Сөз берметтери» деген ат менен берилген элдик накыл кептер жана «Сөз үйрөнүп алалы» деген аталыштагы биз байкоос албаган айрым сөздөрдүн түшүндүрмө ырлары эң эле кызык.

Календарлык планда көрсөтүлгөндөй, көпчүлүк тексттер окуп, сүйлөп берүү менен эле чектелбейт. Аларды өздөштүрүү оюн, сценка, мелдеш сыяктуу иштер менен коштолот.

Мисалы, «Манас баатырдын төрөлүшү» же «Кошой дөө менен Жолой дөөнүн күрөшү» деген үзүндүлөрдү сахналаштырып, же мелдеш түрүндөгү иш менен, «Баланы бешикке салгандагы ыр» деген ырды өтүүдө, баланы бешикке салуу аземин сценка түрүндө, «Тушоо кесүү” ырын оюн түрүндө аянтта, ал эми «Булбул» сыяктуу жомокторду сценка түрүндө сахналаштырып өтүп, аз убакта көп натыйжага жетишүүнүн оптималдуу жолун тапсак, эң сонун натыйжа берери шексиз.

Ошондой эле «Табышмактар» менен «Накыл кептерди» өтүүдө алардын турмуштук-маани мазмунун, эмнеге тарбиялай турганын билүү деңгээлин текшерүү максатында мелдеш сабактарын уюштуруу эң эле ыңгайлуу.

Бул иш-аракеттер балдардын сөз байлыгын гана байытпастан, байланыштуу кебин өстүрүүгө да сөзсүз көмөк болмокчу.

Андай болсо, мугалим класста окуу сабагын кандайча уюштурат?

Биринчи кезекте, текстти окуу активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн, окуучулардын алдына чыгып, үн чыгарып окуп жаткан окуучуну (ичинен) ээрчий окуп, анын кетирген катасын оңдоп, түзөтүп туруусу, ал эми ката кетирип окуган окуучу жолдошторунун эскертүүсүнөн соң, тууралап, кайра окуп жатыгуусу абзел болмок.

Эгерде өз убагында окуучунун катасы оңдолуп - түзөтүлбөсө, анда ал, тексттин да мазмунун түшүнбөйт, туура кабыл албайт, сөздүн маанисин да туура өздөштүрбөйт. Анын катасы күн сайын көбөйөт жана окууга жоопкерчиликсиз мамилеси калыптана берет.

Экинчиден, мугалим окуганы боюнча окуучуга суроо берип, канагаттандырарлык жоопторду ала алса жана ал аркылуу тексттин мазмунун окуучунун өз сөзү менен айтып берүүсүнө далалаттандырса, о.э. аракеттенүүсүн арттырса, абдан пайдалуу болмокчу.

Бул кезде мугалимдин такай текшерүүсү, көз салуусу, ал эми окуучулардын өзүн-өзү текшере билүүсү, өзүнүн окуганына баа бере алуусу көңүлдүн борборунда болушу керек.

Эми окуунун механикасы жана анын түрлөрүнө да токтолуп өтөлү.

Окуу- тамгалап окуу, муундап окуу, шар окуу, түшүндүрүп окуу, көрктүү жана сезимдүү окуу болуп бөлүнөт.

1-класстын окуучуларынан булардын баардыгын талап кылуу оордук кылат. Ошентсе да, мүмкүн болушунча, окуучулардын мүмкүнчүлүгүнө жараша, алардын айрым элементтерин талап кылууга жана ага багыт берүүгө болот. Ал эми окуу ылдамдыгы башка проблема. 1-класстын окуучуларынан окуу ылдамдыгын максималдуу түрдө талап кылуу да жарабайт.

Эске алуучу негизги жагдай бул- окуу ылдамдыгын жана окуу техникасын өркүндөтүү менен бирге, сөз өстүрүү жумуштарын байма-бай бирдикте алып жүрүү.

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү күнгө чейин окутулуп келе жаткан С.К. Рысбаевдин бул «Алиппе» комплекси менен иш алып барууда мугалим айтылып өткөн эрежелерди, ыкмаларды туура, даана, так аткара билсе, балдардын сабатын ачууда ал зор ийгиликтерге жетише алат деген ойдобуз.

Адабияттар

1. Осмонкулов А. Кыргызстанда эл агартуу иштеринин жана эне тилин окутуунун тарыхынан. -Ф., 1974.

2. Рысбаев С.К. Сабатка үйрөтүү ыктары // Эл агартуу. 1990, № 6.

3. Рысбаев С.К. Алиппе. -Б., 2006.

4. Шыгаев У. Сабактын сапаттуулугу үчүн. -Ф.,1968.